Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
20-21. sayı 2015

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
20-21-саны 2015

# КАРАХАНИДДЕР ДООРУНДА КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДА ЖАШАГАН ААЛЫМДАР ЖАНА АЛАРДЫН ЭМГЕКТЕРИ

Абдилазиз Калбердиев
(PhD) ага окутуучусу
ОшМУ теология факультети

**Özet**

Bu makalede, Türk-İslam tarihinin temelin oluşturan Karahanlılar döneminde günümüz Kırgızistan topraklarında yaşayan âlimlerimizin hayatları ve ilmî kişilikleri hakkında kısa ve öz bilgiler sunulmuştur. Aynı zamanda bu âlimleri, Kırgızların İslamlaşma sürecinin XVI. asırdan itibaren başladığını iddia edenlerin aksine,Kaşgarlı Maymut'un da belirttiği gibi İslamlaşma sürecinin daha erken devirlerde gerçekleştiğinin delili olarak gösterilebilir.

**Anahtar kelimeler:** Karahanlılar, Yusuf Has Hacib, Kaşgarlı Mahmut, Siracuddin el-Oşî, Serahsî.

**Abstract**

This article informed forming history of Turkish-İslam, scholars living in the Kyrgyz area their life and workrs. At the same time these scholars rejected other scholars views. As Mahmut Kashgari has stated in earlier cycles it can be shown as evidence that the process of Islamization occurs.

**Key words:** Karakhanid, Yusuf Has Hajib, Mahmut Kashgari, Siracuddin-al Oshi, Serakhsi.

## Киришүү

Караханиддер доорунда (840-1212) Теңир тоодо бир топ кыргыз уруулары жашаган.[1] Мына ошол кыргыздардын исламдашуу жараяны ошол чөлкөмдө жашаган башка эл жана уруулар менен параллелдүүлүктө иш жүзүнө ашкан. Ошондуктан, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, Имам Сарахси, Сиражуддин ал-Оший жана алардын чыгармалары, бизге ошол доордо, ошол аймакта жашаган бардык элдердин, бардык уруулардын түшүнүктөрүн, ишенимдерин жана салт-санааларын чагылдырып берет деп айтууга болот.

### А. Жусуп Баласагын жана Кутадгу билиг

Ислам-түрк адабиятынын алгачкы өкүлү болгон Жусуп Баласагын 1017-жылы учурдагы Кыргызстандын Чүй өрөөнүндө

[1] Махмуд Кашгаринин эмгеги Дивану лугатит түрктө белгиленген ***Аргу***лар (учурдагы ***Оргу***лар) буга бир мисал.

жайгашкан Токмок шаарынын түштүк батышында орун алган эски Баласагын шаарында жарык дүйнөгө келген[1]. Атактуу эмгегин ошол шаарда жаза баштаган Жусуп Баласагын кийинчерээк чыгыш Караханид мамлекетинин борбору Кашкарга барып, 18 айдан кийин 1069-жылы (Хижрий жыл эсеби боюнча 462-жылы) «Кутадгу билигди» жазып бүтүрөт. Андан соң Жусуп Баласагын жазып бүтүргөн китебин чыгыш Караханид мамлекетинин өкүмдары Табгач Бугра Карахан Абу Али Хасанга арнап, белекке берет. Буга абдан кубанган өкүмдар Жусуп Баласагынга «хас хажиб»[2] деген наамды ыйгарат[3].

Жусуп Баласагындын чыгармасы «Кутадгу билигге» караганыбызда, алгач анын саясатнаама экендигин ойлошубуз мүмкүн. Бирок мазмунуна карап аны терең анализдегенибизде ал китеп бизге ыймандуу болуунун принциптерин, индивидуалдык жана социалдык жоопкерчиликтерди сезе билүүнү, мамлекетти ийкемдүү башкаруунун искусствосун же жалпылап айтканда, аты көрсөтүп тургандай, «кутту», башкача айтканда, бактылуу болуунун сырларын үйрөтүп тургандыгын көрөбүз[4]. Ошондуктан «Кутадгу билигди» кут алып келүүчү, ар бир адамга бакыт тартуулачу билим катары түшүнүү керек.

Бүгүнкү күндө колубузда «Кутадгу билигдин» үч нускасы бар:

1. Герат нускасы; маалым болгон алгачкы нуска. Араб ариби менен жазылган нускадан уйгур арибине өткөрүлгөн жана 1439-жылыкөбөйтүлүп жазылган.Изилдөөчүлөр бул нусканын кемчилдиктүү экендигин белгилешет.

2. Мисир нускасы; араб ариби менен абдан кооз жазылган бул нусканы Каирдин Хидив китепканасынын мүдүрү ***Moritz*** 1896-жылы таап чыккан. Бул нусканын да кемчилдиктүү

---

[1] Сыдыкбеков Түгөлбай. ***Кут белгиси билик. //***Кутту билим. –Москва, 1993.– 9-бет.

[2] Караханиддер доорунда***хажиб***, башкаруучу менен карапайым калктын арасында көпүрөлүк милдетин аткарган. Ал эми ***хас хажиб*** болсо, хажибдерге көз салып, аларды башкарып келген. Карагыла: Taneri Aydın. ***Hâcib***//Türkiye Diyanet Vakfı İslam Ansiklopedisi. XIV том. –İstanbul, 1996.– 509-бет.

[3] Бекбо Аскар Абдыкадыр. ***Квиетизмден–гуманизмге.***//Куттуу билим. – Москва, 1993.– 15-бет.

[4] Бекбо А. А..***Квиетизмден–гуманизмге.***//Куттуу билим. 15–бет; Pekolcay Necla.***İslamî Türk Edebiyatı*** *I*. I. Baskı –İstanbul: Dergâh Yayınları, 1981.– 63-бет.

жактарынын бар экенин, бирок, Герат нускасына караганда бир кыйла дурус экендигин окумуштуулар айтып өтүшкөн[1].

3. Наманган нускасы; бул нуска араб ариби менен жазылган жана Өзбекстандын Наманган шаарындагы жеке менчик китепканадан 1913-жылы ***А. З. Валидов*** тарабынан табылган. Изилдөөчүлөр «Кутадгу билигдин» Наманган нускасын өзгөрүлбөстөн, күнүбүзгө чейин сапаттуу сакталган нуска катары белгилешет[2].

«Кутадгу билигдин» үстүндө бир топ илимпоздор изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Бирок аны тереңдеп изилдеген аалым ***Решит Рахмети Арат***болуп саналат. Ал «Кутадгу билигдин» бардык нускаларын салыштырып, эмгектин түп нускасын чыгарууга аракет кылган. Ошондой эле окууга кыйынчылык туудурган сөздөрдү окуп, алардын кандай мааниге келээрин аныктаган[3]. Ал эми Кутадгу билигдин башка тилдердеги котормолору да мына ошол Решит Рахмети Араттын эмгегине таянат.

«Кутадгу билигдин» мазмуну төрт негизден куралган:

1. Акыйкат жана мыйзамдуулукту (көни төрү) туюндурган өкүмдар Күн-Тогды;
2. Кутту (бакыт жана таалай) туюндурган увазирАй-Толды;
3. Акыл жана акылмандуулукту (укуш) туюндурган увазирдин уулу жана анын ордун басуучу Өгдүлмиш;
4. Бул жашоонун акырын (акыбат) туюндургансопу (заахид) Одгурмыш[4].

Бул негиздер ар бир адамда болуусу керек болгон ыймандуулук, адилеттүүлүк, дурустук, акылмандык, улуулук, адамгерчилик ж.б. сыпаттарды өзөгүндө өздөп турат. Булар Жусуп Баласагындын айтуусу боюнча убакыт жана мейкиндикте өзгөрбөгөн куттун дал өзү.

Жусуп Баласагын чыгармасы менен адамзатты ыймандуулукка жана дурустукка үндөп келет. Анын пикири боюнча ыймандуулук жана дурустук эки дүйнөдө тең бактылуу болуунун жолун көрсөтүп турат. Кара өзгөй, адепсиздик болсо,

---

[1] Pekolcay N. ***İslamî Türk Edebiyatı*** *I.* 69-бет.

[2] Бекбо А. А. ***Квиетизмден–гуманизмге.***//Куттуу билим.15-бет; Алиев А. ***Духовное Наследие Средневековых Учёных – Энциклопедистов Центральной Азии.***86-бет.

[3] Pekolcay N. ***İslamî Türk Edebiyatı*** *I.* 70-бет.

[4] Pekolcay N. ***İslamî Türk Edebiyatı*** *I.* 64-бет.

адамдын жүрөгүн карартып, акыретте азап көрүшүнө алып барат[1]. Ислам дининин негиздери боюнча Аллах таала адамзатты ар дайым адептүүлүккө, ыймандуулукка[2], дурустукка чакырат. Ошондуктан өзүн мусулманмын деп эсептеген Жусуп Баласагын чыгармачылыгы менен өз доорунун жашоо философиясын жеткилең чагылдырууга аракет кылат. Ал доордогу жашоонун философиясы ислам менен тыгыз байланышта болгондугун эч ким таналбайт. Анткени, Жусуп Баласагын өз доорунун агартуучусу катары эмгегинде ислам динине тийиштүү элементтерди кеңири колдонгон.

**Б. Махмут Кашгари жана Дивану лугатит түрк**

Махмуд КашгариXI кылымда жашаган түрк аалымы жана тунгуч филолог. Анык аты Махмуд бин Хусейн бин Мухаммед аль-Кашгари. Ал белгилүү чыгармасы «Дивану лугатит түрктү» XI кылымдын аягында жазып бүтүрүп, Аббасийлер мамлекетинин өкүмдары Муктади Биамриллахтын уулу Абулкасымга белекке берген.

Махмуд Кашгари Түрк дүйнөсүнөн көз жарган канчалык атактуу филолог болгону менен, анын өмүр баяны жөнүндө жетиштүү маалымат жок. Болгону, анын кыскача жашоо таржымалын жана илимий жетишкендиктерин, өзү жазган «Дивану лугатит түрктөн» гана билебиз. Ал чыгармасында өзүн *«эң туура сүйлөгөн (адабий тилде сүйлөгөн) жана таза кандуу түрктөрдөн»* экендигин баяндап өтөт[3]. Атасынын аты Хусейн жана Барскоон шаарында туулганын да «Дивану лугатит түрктө» белгилеп кеткен. Махмуд Кашгаринин канча жыл жашагандыгы, каерде жана качан каза болгондугу маалым эмес. Бирок айрым булактарда анын белгилүү чыгармасын улгайып калган жашта, 1072-1074-жылдарда жазгандыгы жөнүндө баяндалган[4].

Кашгаринин бизге таштаган маданий мурасы өткөн доорлордо аалымдар тарабынан билинип, бааланып келгени

---

[1] Yusuf Has Hacip. ***Kutadgu Bilig.*** çev: Reşit Rahmeti Arat. 3. Baskı. –Ankara: Türk Tarih Kurumu Yayınları, 1985.– 393-395-беттер.

[2] ***Ыйман*** сөзү-арапча сөз болуп, тастыктоо, тууралыгына ишенүү, чын жүрөктөн кабылдоо ж.б. маанилерге келет. Ыйман сөзү, кыргыздарга ислам дини менен кошо келген. Ислам болсо, көпчүлүктүн мыйзамына моюн сунуунун жолу жараткандын өзүн жана мыйзамын таанып билүүдөн, башкача айтканда, ыймандан өтөрүн белгилейт.

[3] Kaşgarlı Mahmut. ***Divan-ü Lügati't-Türk.*** Çev: AtalayBesim. I том.–Ankara: Alaeddin Kıral Basımevi, 1939. – 4-бет.

[4] Ülkütaşır M. Şakir. ***Büyük Türk Dilcisi Kâşgarlı Mahmut.*** –İstanbul: Cumhuriyet Matbaası, 1946.– 30-32-бет.

менен, кийинки убактарда китепканаларда чаң баскан бойдонунутулуп калган.Соңку мезгилде ал эмгек кокусунан гана аалымдардын колуна түшүп, талдана баштады. Мында килистик Рыфат, Зия Гөкалп жана Талат пашанын чоң эмгектери бар. Анткени, аты аталган адамдар «Дивану лугатит түркту» таап чыгып, нускасын көбөйтүшкөн. Бесим Аталай болсо аны түркчөгө которгон[1].

Махмуд Кашгари негизинен филолог. Бирок, «Дивану лугатит түрк» аттуу эмгеги анын ошол эле учурда тарыхчы, географ, мифология, фольклор, араб жана фарс тилдеринин адиси, этнограф, адабиятчы жана картограф экенин көрсөтүп турат[2]. Ошондой эле китебинде колдонгон аят жана хадистер анын дин тармагындагы адистигине да күбө.

Кашгари жашаган доордо түрктөрдүн көпчүлүгү мусулман болгон. Өзгөчө ислам Орто Азияда жашаган калктын катмардуу бөлүгүнүн жашоосунун маңызына айланган. Ошондуктан алардын мурунку диндериндеги көптөгөн элементтери колдонуудан чыгып, исламдын принциптерине туура келгендери жашоодон жайын тапкан. Айрымдары болсо маанисин өзгөртүп, исламдын жоболоруна ылайыкташтырылган. Мисалы: шаманизмдин ишеним системасында жана эски руник жазууларында жаш балдар менен энелердин колдоочусу (богиня-покровительница)[3] катары билинген ***«Умай»*** энени Махмуд Кашгари *«жаңы төрөлгөн ымыркайдын тону»*деп белгилейт[4].

«Дивану лугатит түрктүн» авторунун айткандарына караганда, ал жол басып, тоо ашып, чөл айланып, түрк, түркмөн, кыпчак, огуз, чигил, ягма, кыргыз урууларын кыдырып, тил жана маданиятына байланышкан бардык нерселерди жазып, жаттаган. Ошондой эле ал Кашгар, Баласагынга окшогон борборлордон узак аймактардагы мусулман болбогон түрк уруулары жөнүндө да азын-оолак сөз козгойт[5]. Бирок мусулман түрк урууларына басым жасап, аларга терең маани берген. Көпчүлүк учурда алыскы аймактардагы түрк уруулары көңүлдөн сырт калып кеткен.

---

[1] Караңыз: Ülkütaşır M. Ş. ***Büyük Türk Dilcisi Kaşgarlı Mahmut.*** 39-62-беттер.
[2] Ülkütaşır M. Ş. ***Büyük Türk Dilcisi Kaşgarlı Mahmut.***17-бет.
[3] Patapov Leonid Pavloviç. ***Etnografik Verilerin Işığında Eski Türklerin Tanrısı Umay.*** rusçadan çeviren: Muvaffak Duranlı. //Türk Dünyası İncelemeleri Dergisi, №1. –Bornova–İzmir: Ege Üniversitesi Basımevi, 1996.– 216-бет.
[4] Kaşgarlı Mahmut. ***DLT.*** I том. 123-бет.
[5] Kaşgarlı Mahmut. ***DLT.*** I том. 27-бет.

Махмуд Кашгари мусулман катары сүрөттөп, журтуна барып, тилдик өзгөчөлүктөрүн үйрөнгөндүгүн белгилеген кыргыздар Теңир тоодо жашаган кыргыздар болсо керек[1]. Анткени ал доордо кыргыздардын басымдуу бөлүгү Энесай, Алтай аймактарында жашашкан жана алар исламдан узак болушкан. Алардын толук исламдашуусу кылымдарды карыткан көчтөргө байланышып, узак тарыхый процессти ичинде камтып турат. Автордун бул жагдайды белгилебегени анын ал аймактарга барбагандыгынын күбөсү. Ошондой эле ал картасында түшүргөн, бирок китебинде абдан кыска маалыматтар менен чектелген Булгар, Сувар, Бечене урууларынын конуштаган журттарына да барган эмес деп ишенимдүү айта алабыз.

«Диванда» баяндалгандай, Махмуд Кашгаринин диний ишенимдери замандаштарынын диний ишенимдеринен ашкере айырмаланбайт. Ошондой эле ал Жусуп Баласагындай тасаввуфка болгон жакындыгы менен да таанымал[2]. Ал эми «Дивану лугатит түрктө» Ахли сүннөттүн ишеним системасы жеткилең чагылдырылган.

**B. Сиражуддин аль-Оший жана «Амали» касидасы**

Сиражуддин аль-Оший,аты көрсөтүп тургандай, Кыргызстандын Ош аймагында жашаган. Бирок учурда Оший жана чыгармасы «Амали» жөнүндө илимий чөйрөдө да, динчил катары эсептелген жарандар арасында да жетиштүү маалымат жок. Мунун күнөөкөрү деп атеизмге үндөгөн жетимиш жылдык Советтик доорду айтууга болот. Анткени мурунку доордо Кыргызстандагы жана Орто Азиядагы медреселерде аты аталган автор жана анын чыгармасы окутулуп келген.

Ошийдин толук аты:Сиражуддин Абулхасан Али бин Усман бин Мухаммед ат-Тайми аль-Ошийаль-Фергани аль-Ханафи аль-Матуриди аль-Факих[3]. Сиражуддин аль-Ошийаты менен таанымал болгон бул аалым Караханиддер доорунда Ош шаарында төрөлгөн[4]. Бирок, анын жашоосу жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири маалымат жок. Жалгыз гана 1173-жылы (хижрий жылнаамасы боюнча 569-жыл) Амали касидасын жазып

[1] Ülkütaşır M. Şakir. ***Büyük Türk Dilcisi Kaşgarlı Mahmut.*** 75-бет.
[2] Kaşgarlı Mahmut. ***DLT.*** III том. 377-бет.
[3] Özbek Durmuş. ***el-Ûşî ve Kasidetü'l-Emâlî.***//Selçuk Üniversitesi İlâhiyat Fakültesi Dergisi. № 5. –Konya: Selçuk Üniversitesi Basımevi, 1994.– 263-бет.
[4] Şerefeddin M. ***Türk Kelamcıları.*** //Darülfunun İlâhiyat Fakültesi Mecmuası. № 23. –İstanbul Bürhaneddin Matbaası, 1932.– 4-бет.

бүтүргөндүгү[1],хадис, фикх илимдерине байланыштуу эмгектерди жазгандыгы жана ошондой эле акындык өнөрү жөнүндө кыскача маалымат бар[2].Көпчүлүктүн көз карашы боюнча Сиражуддин аль-Оший 1180-жылы (хижрий жылнаамасы боюнча 575-жыл) чума оорусунун айынан көз жумган[3].

Сиражуддин аль-Ошийдин эмгектери төмөнкүлөр:

- Гурарул ахбар ва дурарул ашар фил хадис[4],
- Машарикул анвар шарху нисабул ахбар[5],
- Аль-Фатава ас-Сиражиййа[6],
- Савакибул ахбар[7],
- Явакитул ахбар[8]ж.б.

Ал эми атактуу Амали касидасы калам илимине байланыштуу эмгек болуп эсептелет[9]жана аты аталган чыгармада Матуриди калам системасынын негизи ыр түрүндө чагылдырган.

Амалини көлөмүнүн аздыгы жагынан Имам Азамдын *«Фикхул Акбарына»* окшоштурууга болот. Бирок Амали касидасынын ыр түрүндө берилиши жана Ахли сүннөт мазхабынын теологиялык түшүнүктөрүнүн айкын чагылдырылышы аны жаттоого кыйла жеңилдик берген.

---

1 Brockelmann Carl. ***Ûşî.*** //İslam Ansiklopedisi (İslam Âlemi: Tarih, Coğrafya, Etnografya ve Biyografya Lugati). XIII том. –İstanbul: Millî Eğitim Basımevi, 1986.– 75-бет.

2 Özbek D. ***el-Ûşî ve Kasidetü'l-Emâlî.*** //Selçuk Üniversitesi İlâhiyat Fakültesi Dergisi. 265-бет.

3 Аль-Багдади Исмаил Паша. ***Хадиййатул арифийн асмаил муаллифийн ва асарил мусаннифийн.*** I том. –İstanbul, 1951.– 700-бет.

4 Аль-Багдади Исмаил Паша. ***Хадиййатул арифийн асмаил муаллифийн ва асарил мусаннифийн.*** I том, 700–бет; Катиб Челеби Хажы Халифе. ***Кашфуз зунуун ан асаамил кутуби вал фунуун.***2. Baskı. II том.–Стамбул, 1971.– 1200-бет.

5 Аль-Багдади**.** I том. 700-бет.

6 Аль-Багдади. ***Хадиййатул арифийн асмаил муаллифийн ва асарил мусаннифийн.***I том. 700-бет; Катиб Челеби.***Кашфуз зунуун ан асаамил кутуби вал фунуун.***II том. 1224-бет.

7 Аль-Багдади. ***Хадиййатул арифийн асмаил муаллифийн ва асарил мусаннифийн.*** I том. 700-бет; Катиб Челеби. ***Кашфуз зунуун ан асаамил кутуби вал фунуун.*** I том. 526-бет.

8 Аль-Багдади. ***Хадиййатул арифийн асмаил муаллифийн ва асарил мусаннифийн.*** I том. 700-бет; Катиб Челеби. ***Кашфуз зунуун ан асаамил кутуби вал фунуун.*** II том. 2053-бет.

9 Аль-Багдади. ***Хадиййатул арифийн асмаил муаллифийн ва асарил мусаннифийн.***I том. 700-бет.

Ошондуктан ал кылымдар бою медреселерде окуу куралы катары колдонулган жана башка тилдерге которулуп бастырылган[1].

Ахли сүннөттүн ишеним негиздерин калкка жеткилең түшүндүргөн Сиражуддин аль-Ошийдин аты аталган эмгеги азырга чейин ар түрдүү аттар менен аталып келет. Алар:

- Аль-Амали[2]
- Касидатул Амали[3]
- Бадул Амали[4]
- Касидатул лаамия[5]
- Касидатул якулул абд[6]
- Аль-Касидатул лаамия фит тавхид[7]ж.б.

Аль-Оший, Матуриди калам системасын жактоочулардан бири болгондуктан, анын көз караштарынын чегинен чыгып кеткен эмес. Чыгармасын Матуридинин системасын жактаган башка аалымдардай метод менен баштап, туура деп эсептелбеген көз караштарды катуу сынга алган.

**Г. Имам Сарахси жана ал-Мабсут**

«Имамдардын күнү (Шамсул аимма)» деген лакап менен таанымал болгон Имам Сарахсинин толук аты төмөнкүчө: Абу Бакр Мухаммад бин Ахмад Аби Сахл ас-Сарахси. Сарахсинин качан туулгандыгы жөнүндө так маалыматтар жок. Бирок, айрым так эмес булактарда., анын хижрий жыл эсеби боюнча 400-жылы (1009) Сарахс деген шаарда төрөлгөндүгү жөнүндө жазылат.[8]

---

1 Özbek D. ***el-Ûşîve Kasidetü'l-Emalî.*** //Selçuk Üniversitesi İlâhiyat Fakültesi Dergisi. 269-276-беттер.

2 Kürkçüoğlu Kemal Edîb. ***Lâmiyye-i Kelâmiyye.*** //AÜ. İlâhiyat Fakültesi Dergisi. № 1–2. III том. –Ankara: Türk Tarih Kurumu Basımevi, 1954. – 1-бет.

3 Аль-Багдади. ***Хадиййатул арифийн асмаил муаллифийн ва асарил мусаннифийн.*** I том.700-бет.

4 Brockelmann Carl.***Geschichte der Arabischen Litteratur, Erster Supplement band***. I том –Leiden-E. J. Brıll, 1937.– 764-бет.

5 Kürkçüoğlu K. E. ***Lâmiyye-i Kelamiyye.*** //AÜ. İlâhiyat Fakültesi Dergisi.1-бет; Özbek D. ***el-Ûşî ve Kasidetü'l-Emalî.*** //Selçuk Üniversitesi İlâhiyat Fakültesi Dergisi. 268-бет.

6 Катиб Челеби. ***Кашфуз зунуун ан асаамил кутуби вал фунуун.*** II том.1349-бет; BrockelmannC.***GAL.***Supplementband. I том,.764-бет.

7 Brockelmann C. ***GAL.*** Supplementband.I том.764-бет.

8 Akşit M. Cevat. ***Şemsü'l-Eimme Ebû Bekr Muhammed b. Ahmed Ebû Sehl es-Serahsî ve Kitabu'l-Mebsût'u Üzerine Notlar.*** //теология факультетинин илимий журналы. 12-саны. – Ош, 2007. – 15-бет.

Сарахс шаары, азыркы Түркмөнстандын Марв шаарынын айланасында жайгашкан.[1]

Зээндүүлүгү менен айырмаланган Имам Сарахси, жаш чагынан баштап эле ошол күндүн илим борборлорунан бири болгон Бухара шаарындагы атактуу аалымдардан сабак ала баштаган. Бирок, Имам ал-Халванинин анын өсүп-жетилүүсүндө өзгөчө орду бар. Анткени Имам Сарахси, Ханафи мазхабынын фикхга байланыштуу өкүм жана өкүм чыгаруу методдорунун негизин, мына ошол Имам Халваниден кеңири алган. Фикхта, өзгөчө фараиз (мурас маселелерине байланыштуу атайын илим) илиминде математика жөнүндө кеңири маалыматка ээ болуу керек. Имам Сарахси математикага байланыштуу сабатын Абу Бакр ал-Кумми, Абул Хасан ал-Ахвази, Абул Асым ал-Жанубиге окшогон аалымдардын эмгектеринин негизинде жое алган деп айтууга болот.[2] Дүйнөгө Ханафи укукчусу катары таанымал болгон Имам Сарахси, ошол эле учурда хадис, калам илимдерин да жакшы өздөштүргөн жана миңдеген беттик китептерди жатка билген.[3] Ал, Караханиддер доорунда Өзгөн шаарындагы зынданда жатып, 15 жыл бою эч кандай китептерге карабастан, 30 томдук ал-Мабсут деген китебин зындандын сыртындагы шакирттерине жаздыргандыгын эске алсак, анда анын абдан терең илимге ээ болгондугуна күбө болобуз. Бирок бул жерде белгилей кетчү жагдай, Китабул Мабсут анын жалгыз китеби эмес. Ошондой эле ал:

- Шархул сиерил кабир
- Усул
- Ан-Нукат
- Сыфату ашратис саъа ва макаматул кыяма
- Шархул жамиъил кабир
- Шарху мухтасар ат-Тахави
- Шархул жамиъил сагир
- Шархуз зиядат
- Шарху китабин нафакат лил Имам Абу Бакр Ахмад бин Умар ал-Хассаф
- Шарху адабил каади лил Хассаф
- ал-Фаваидул фикхиййа

[1] Ünsal Ahmet. ***İmam Serahsî'nin Hayatı ve Eserleri.*** //теология факультетинин илимий журналы. 12-саны. – Ош, 2007. – 92-бет.
[2] Ünsal A. ***İmam Serahsî'nin Hayatı ve Eserleri.*** 96-бет.
[3] Ünsal A. ***İmam Serahsî'nin Hayatı ve Eserleri.*** 97-бет.

- ал-Амали лил фикх
- ал-Мухит
- Шархул китабил касб лиш Шайбани
- Китабул хайз
- Китабул хиял лил Хассаф, аттуу эмгектерди жазгандыгы айтылып келет.[1]

Илимге кошкон зор салымдары аркылуу ислам дүйнөсүндө өзгөчө орду менен айырмаланган Имам Сарахси, хижрий жыл эсеби боюнча 480-жылы зындандын чыгып, 3 жылдын аралыгында Мабсутун аягына чейин жазып бүтүрүп, 483-жылы дүйнөдөн кайткан. Демек, Имам Сарахси соңку жашоосунун үч жылын эркин жана бейпил турмушта жашай алган. Бирок, анын зындандагы оор шарттарда мындай көлөмдүү чыгарманы жазгандыгы адамды таң калтырбай кое албайт.[2]

## Корутунду

Саясатнаамасы менен өзгөчө маанилүүлүккө ээ болгон, Жусуп Баласагынды, тилдик жыйнагы менен Махмуд Кашгарини, укуктагы жетишкендиктери менен Имам Сарахсини жана азыркы Кыргызстандын аймагынан чыккан таанымал каламчы катары эсептелген Осмон ал-Ошини, жалпы түрк-ислам маданиятынын эң чоң жемиштери катары баалоого болот. Анткени алардын ар бири, өз жатындачоң ийгиликтерге жетишип, коомду агартууда барандуу салымдардын кошуп келишкен.

## Conclusion

As a political views of Jusup Balasagun,as a linguistic Mahmud Kashkari,as a islamic lawyer İmam Sarakhsi and famous theolog in the Kyrgyzstan Osman-al-Osh’s prices cultural of the Turkish-İslam. They got a lot of successful and made in contribution to the society.

### Колдонулган адабияттар:

1. Akşit M. Cevat. ***Şemsü’l-Eimme Ebû Bekr Muhammed b. Ahmed Ebû Sehl es-Serahsî ve Kitabu’l-Mebsût’u Üzerine Notlar.*** //теология факультетинин илимий журналы. 12-саны. – Ош, 2007.

---

[1] Ünsal A. ***İmam Serahsî’nin Hayatı ve Eserleri.*** 111-113-беттер.

[2] Шахт Жозеф. ***Сарахсинин өмүр таржымалы жана чыгармачылыгы жөнүндө кыскача эскертүүлөр.*** Которгон: Калбердиев А. //теология факультетинин илимий журналы. 12-саны. – Ош, 2007. – 134-бет.

2. Brockelmann Carl.***Geschichte der ArabischenLitteratur, ErsterSupplementband***. I том –Leiden-E. J. Brıll, 1937.
3. Brockelmann Carl. ***Ûşî.*** //İslam Ansiklopedisi (İslam Âlemi: Tarih, Coğrafya, Etnografya ve Biyografya Lugati). XIII том. –İstanbul: Millî Eğitim Basımevi, 1986.
4. Kaşgarlı Mahmut. ***Divan-ü Lügati't-Türk.***Çev: AtalayBesim. I том. – Ankara: AlaeddinKıralBasımevi, 1939.
5. Kürkçüoğlu Kemal Edîb. ***Lâmiyye-i Kelâmiyye.*** //AÜ. İlâhiyat Fakültesi Dergisi. № 1–2. III том. –Ankara: Türk Tarih Kurumu Basımevi, 1954.
6. Özbek Durmuş. ***el-Ûşî ve Kasidetü'l-Emâlî.*** //Selçuk Üniversitesi İlâhiyat Fakültesi Dergisi. № 5. –Konya: Selçuk Üniversitesi Basımevi, 1994.
7. Patapov Leonid Pavloviç. ***Etnografik Verilerin Işığında Eski Türklerin Tanrısı Umay.***rusçadan çeviren: Muvaffak Duranlı. //Türk Dünyası İncelemeleri Dergisi, №1. – Bornova–İzmir: Ege Üniversitesi Basımevi, 1996.
8. Pekolcay Necla.***İslamî Türk Edebiyatı*** *I.* I. Baskı –İstanbul: Dergâh Yayınları, 1981.
9. Şerefeddin M. ***Türk Kelamcıları.*** //Darülfunun İlâhiyat Fakültesi Mecmuası. № 23. –İstanbul Bürhaneddin Matbaası, 1932.
10. Taneri Aydın. ***Hâcib***//Türkiye Diyanet Vakfı İslam Ansiklopedisi. XIV том. –İstanbul, 1996.
11. Ülkütaşır M. Şakir.***BüyükTürkDilcisiKâşgarlıMahmut.*** –İstanbul: CumhuriyetMatbaası, 1946.
12. Ünsal Ahmet. ***İmam Serahsî'nin Hayatı ve Eserleri.*** //теология факультетинин илимий журналы. 12-саны. – Ош, 2007.
13. Yusuf Has Hacip. ***KutadguBilig.***çev: ReşitRahmetiArat.3. Baskı. – Ankara: TürkTarihKurumuYayınları, 1985.
14. Алиев А. ***Духовное Наследие Средневековых Учёных – Энциклопедистов Центральной Азии.***
15. Аль-Багдади Исмаил Паша. ***Хадиййатул арифийн асмаил муаллифийн ва асарил мусаннифийн.*** I том. – İstanbul, 1951.
16. Бекбо Аскар Абдыкадыр. ***Квиетизмден–гуманизмге.***//Куттуу билим. –Москва, 1993.
17. Катиб Челеби Хажы Халифе. ***Кашфуз зунуун ан асаамил кутуби вал фунуун.***2. Baskı. II том.–Стамбул, 1971.
18. Сыдыкбеков Түгөлбай. ***Кут белгиси билик. //*** Кутту билим. – Москва, 1993.
19. Шахт Жозеф. ***Сарахсинин өмүр таржымалы жана чыгармачылыгы жөнүндө кыскача эскертүүлөр.*** Которгон: Калбердиев А. //теология факультетинин илимий журналы. 12-саны. – Ош, 2007.